ЗАЙИРБЕК СУЛТАНОВ

# ГҮЛ БАЯНЫ



**ЗАЙИРБЕК СУЛТАНОВ**



# ГҮЛ БАЯНЫ

## ОБОНДУУ ЫРЛАР

**Баткен-2015**

МАДАНИЯТ
МИНИСТР
БАТКЕН
КУЛЬТУРЫ
БАТКЕНСКА
ИНН 0090
№ 17050

УДК 821.51

ББК 84Ки7-5

С 89

Султанов З.
С 89 **ГҮЛ БАЯНЫ.** **Обондуу ырлар.**
Баткен, 2015. – 68 б.

ISBN 978-9967-18-204-2

С_Обончу, аткаруучу, таланттуу педагог Зайирбек Султановдун бул китебине анын акындардын сөзүнө жазылган махабат темасындагы обондуу чыгармалары топтоштурулду.

Топтом музыка дүйнөсүнө кызыккан инсандарга, музыка мугалимдерине арналып чыгарылды. Обондордун көркөмдүк деңгээлине илимий-көркөмдүк жана усулдук жактан баа берүүнү музыка жаатындагы адистерге, музыка сүйүүчүлөргө койдук.

С 4702300200-15
ISBN 978-9967-18-204-2

УДК 821.51

ББК 84Ки7-5

Султанов З. 2015

Гүл баяны

# МУЗА ЫРГАГЫНДАГЫ ӨМҮР

## (Обончулардын жоргосу
## Зайирбек Султановдун чыгармачылыгы жөнүндө)

Зайирбек Султанов, мен билгенден, азыркы Баткен областынан чыккан алгачкы жогорку билимдүү музыка мугалими, маданият кызматкери жана биринчи обончу. Бу кишиге чейин деле бул чөлкөмдө обончу-ырчылар жашап өтсө керек, бирок алар бизге жеткен эмес.

З.Султановду вокалист-обончу десек болот. Анын ырдоо үчүн чыгарган көпчүлүк обондору 2,3 үндө ырдоо үчүн вокалдык ансамблдерге ылайыкташтырылып жазылган.

Ошондой эле, бир канча хордук чыгармалардын автору. Аларга «Ленин десек», «Демилгелүү аялдардын ыры», «Архив кызматкерлеринин ыры» ж.б. кошулат жана да «Төрт-Күл элеси», «Баткен», «Комсомолдорго», «Баарысы пейилден го» ж.б. обондору буга мисал боло алат.

СССР доорунда, башкача айтканда, 60-70-жылдары андай чыгармалар учурдун талабы болчу жана кыргыз обончуларынын ошондой ыкмада жазылган чыгармалары сейрек учурачу.

З.Султанов тээ 1969-жылдан азыркы учурга чейин мөл булактай болуп соолбостон, таза, тунук обондорду чыгарып келе жатат. Анын «Гүл баяны», «Жолугалы Ак-Бууранын боюнан» аттуу чыгармаларын Кыргыз Эл артисти, Казак Республикасынын Эмгек сиңирген артисти, Токтогул Сатылганов атындагы мамлекеттик сыйлыктын ээси-Саламат Садыкованын репертуарынан орун алышы өзү эле бул кишинин обондорунун деңгээлин айгинелеп турат.

З.Султановдун обондорун өзүнүн шакирти А.Жайнаков дагы өңүнө чыгара ырдап жүргөн. Азыркы учурда Зуура Умарова, белгилүү ырчылар Мамажан Козубаев, Айгүл Исаева, Гүлинса Исмаилова, Чыңгыз Султановдордун аткарып жүрүшү өзгөчө символикалуу.

Зайирбек акени көрүп, обондорун, ырларын окуп жүрүп, бул кишини туу тутуп, үлгү санап, күзгү кылып обончулар Жолдошбек Мамажанов, КР Эл артисти Апаз Жайнаков, Мамажан Козубаев жана алардын катарында мен дагы обончу, ырчы катары элге таанылдык.

Зайирбек акенин обондору көп жактуу жана көп жанрлуу. Анын эл, жер, мекен жөнүндөгү патриоттук , балдар үчүн, жеке ырдоо, вокалдык ансамбль, хордук обондору жана инструменталдык пьесалары буга күбө, далил.

Анын обондору бүгүнкү күндө бала бакчаларда, мектептерде, лицейлерде, атайын орто окуу жайларында, институттарда, университеттерде, мекеме-ишканалардын маарекелеринде байма-бай колдонулуп, ырдалып жатат. Бул обончу үчүн чоң сыймык жана жетишкендик.

З.Султановду мен обончулардын жоргосу деп айтаар элем. Себеби, обончулук өнөрдө ал басыгынан жазбай, чарчадым-чаалыктым дебестен, бүгүнкү күнгө чейин чыгарма жаратуунун үстүндө талбастан изденип иштеп кала жатат.

Көпчүлүк угарман, күйөрмандар барга көппөй, жокко чөкпөй, жылт этип көрүнүп коюп, жоголуп кетпей, дайыма бар болуп жүргөн чыныгы чыгармачыл инсандарды жактырып баалашат. З.Султанов ушундай адамдардан. Бар болуңуз, Зайирбек ава!


Сизге, чыгармачылыкта орошон оомат, чыныгы инсандык бак-таалай, бакубат, бай, бардар турмуш, чыныгы инсандык бак-таалай жар болгой!

**Бабаравшан ТУРГУНБАЕВ,**
**обончу жана ырчы-аткаруучу,**
**КР маданиятынын эмгек**
**сиңирген ишмери.**

# УНУТПАЙМЫН
## (Жароокерим)

ортточо, мээримдүү

Сөзү Керээз Рысалиевдики




Бир карадың жүрөгүмдү арбадың,
Назик гана билегинден кармадым.
Өзгөрүлөт бүт нерселер кайрадан, жароокер,
Өмүрүмдү өзүң үчүн арнадым.

Уялыңкы кара көздүү садага,
Сени көрсөм канат серпем абага.
Тура турбай алыс кетип жанымдан, жароокер,
Туз куйдуң гө жүрөктөгү жарага.

Кан дүркүрөйт сүйбөөрүңдү эстесем,
Кантем эми канат сабап жетпесем.
Суранаарым медер кылып жүрөйүн, жароокер,
Караанынды ала качып кетпесең.

# КАЙЧЫ ЖОЛ

Сөзү Асан Жакшылыковдуку




Мен бөлөккө ашык кезде,
А сен мени сүйүп жүрдүң.
Батына албай эмне дешке,
Керендикке кулак түрдүң.

Билгем, билгем, билген менен
Кандай арга табат элем?
Кайчы өтүшкөн поезд өңдүү,
Каршы болсо тагдыр деген.

Көз карашың, сунган колуң,
Жылуу эркиң, жумшак үнүң,
Эстен чыкпас өткөн жолуң
Көз алдымда турат бүгүн.


Мүмкүн ташбоор, мүмкүн туура
Сезип туруп, сезбегеним,
Ал, жайыңды жеңил сурап,
Гүлүңдү үзүп кетпегеним.

Жолукканда доошуңду угам,
Кармайм жумшак колдоруңду.
Тазалыктай карап турам
Кайчы өтүшкөн жолдоруңду.

# САДАГАМ

Сезим менен

Сөзү Сайдимар Султанмуратовдуку




Жаным жыргап жаткан өңдөнөм,
Бирок ичим толо санаада.
Башта жаздык, төшөк көлдөлөң,
Оюм, бирок, сенде садагам. (2 жолу)

Көңүл ачык иште жүргөнсүйм,
Бирок сезим чети жарака,
Сенде менин арзуу, үмүтүм,
Сенде менин сүйүүм, садагам. (2 жолу)

Туйгунуңмун тууруңдан учкан,
Сызсам деймин көктө жанаша.
Көзүм тойбой улам жутунган,
Ач көзүңмүн, жаным садагам (2 жолу).

Сезимталдуу сенин мүнөзүң,
Жалгызымсың гана бир өзүң.
Сүйөм сени, сүйөм, садагам! ( 2 жолу)

# ӨЗҮҢДҮ ЖҮРӨМ САГЫНЫП

Сөзү Карачал Курманбаевдики

Созулуңку




Жашоого берип жаңылык,
Жаш кезек калган жаңылып.
Өрттөнүп жаным тынчыбай,
Өзүңдү жүрөм сагынып. } (2 жолу)

Капага түшүп эзилбей,
Каталык кетсе кечирбей,
Чыйрыгып калдык неге биз,
Чыкыроон кыштын кечиндей. (2 жолу)


Бералбай сага кош колду,
Бекерге жүрөк козголду.
Тор жайсак боло турмушка,
Тоготпой тоодой тоскоолду. (2 жолу)

Алдыма тикен гүл өнүп,
Алсырайм айла түгөнүп.
Жүрөккө бороон түнөтпөй,
Жүрөлү жаздай түбөлүк. (2 жолу)

# СИЗ МАГА

Сөзү Мээркан Токсобаеваныкы

Орточо, кыялдана




Жапжалгыз олтурамын,
Өткөндөр эске келет.
Жүрөккө толтурамын,
Өкүнүч жашынээлеп.

Кайырма:
Сиз жөнүндө ойлорум,
Түбөлүк убайымдай.
Сеземин өзүңүздү,
Сүйүүнүн кудайындай.

Сиз мага кабылгансыз,
Түбөлүк бакытымдай.
Жамгыр жаайт чагылгансыз,
Жамгыр жаайт такыр тынбай.

Кайырма:

Ак жамгыр төгөт, төгөт,
Өктөсү канбагандай.
Айнекти өбөт, өбөт,
Аргасы калбагандай.

Кайырма:

Сиз дагы бул жамгырдын
Шыбырын уктуңузбу?
Санаамды сизге деген,
Утурлап чыктыңызбы?

Кайырма:

# САГА

Сөзү Эркин Тазабековдуку

шашпай, өкүнгөндөй




Билалбай мезгил узап кетээрлигин,  
Биз бүгүн айрыш жолдо кезигиппиз.  
Текке өтүп дуулдаган жапжаш курак,  
Махабат майрамынан кечигиппиз. (2 жолу)

Өтсө да бирде таттуу, бирде ачуу,
Жашоонун жакшы кези артта калды.
Бой сунуп кашаң аттай бул турмушка,
Басуудан башка бизде арга барбы? (2 жолу)

Сүйүүнүн ыйыктыгын сезиш үчүн,
Мажнундун көзү менен караш керек.
Көрбөстөн дүнүйөнүн ыпыласын,
Өмүрдү өрткө айлантып жашаш керек. (2жолу)


Жаныңа жаман ойлор тынчтык бербей,
Сагынып турган кезде жанды тепсеп,
Унуткун, бүт ааламды унутуп кой,
Таптаза татынакай таңды элестеп. (2 жолу)

Бир кезде бир жашоонун чырагы өчүп,
Бирөөнүн жаңы гана шамы жанат.
Биз өтүп кеткен менен бул ааламдан,
Түбөлүк жашай берет бул махабат. (2 жолу)

# КАЙДАСЫҢ?

Сөзү Алмаш Чойбекованыкы

Кусалуу




Кайдасың, эңсеген эрмегим,
Зарыгып күткөндө келбедиң.
Уйкусуз түндөрдү өткөрүп,
Оюмду он бөлүп сен дедим. } (2 жолу)


Кайдасың, сагынган кымбатым,
Акылдан адашпас кылдатым.
Жанаша басканда көрк берер,
Жарашык, сулуулук сымбатың. (2 жолу)

Кайдасың, кумардуу кучагым,
Жытыңды жыттоого кусамын.
Сен менен конушум көгөрүп,
Сен болсоң бийикке учамын. (2 жолу)

Кайдасың, үмүтүм чырагым,
Күүгүмдө күтүнүп чыгарым.
Жалындар жалбырттап денеде,
Келе көр, жакшы эле чыдадым. (2 жолу)

# КЕЧИККЕН МАХАБАТ

Сөзү Мадина Тураеванықы




Жигит: Өмүрүм жаз жоготуп,
Жаштыгым күзгө кирди.
Неге сен кеч жолуктуң,
Багыма сулуу селки? } (2 жолу)



инв: 17050

Кыз: Өкүттө калбас үчүн,
Биз өңдүү дагы бирөө.
Өмүрдө кеч жолуккан
Сүйүүдө эмне күнөө? } (2 жолу)

Жигит: Кантейин, тагдыр экен,
Көнбөскө айла канча!
Жолубуз кыйгач өтүп,
Жолуктук махабатка. } (2 жолу)

Кыз: Махабат кайда өзү?!
Сүйүшкөн жүрөктөбү?
Түгөйүн таппай жүрүп,
Өмүрүм суз өтөбү? } (2 жолу)

Жигит: Махабат жазым өзүң,
Бир келген өмүрүмө.
Неге сен ишенбейсиң,
Өзүңдү сүйөөрүмө? } (2 жолу)

Кыз: Махабат айылына,
Азгырып чакырбаңыз.
Армандуу жүрөгүмө
Сүйөм деп жалынбаңыз. } (2 жолу)

Жигит: Азаптуу ашыглыктын
Көз жашын ая, шоолам.
Бир келген бактыбызга
Жолукпай кетсек арман. } (2 жолу)

Кыз: Жүз көрөр жолду бөгөп,
Жолугуп не кереги.
Сый болуп жүрөлүчү,
Агатай, андан көрө. } (2 жолу)

Жигит: Айрылып бир өзүңдөн,
Барамын эми кайда?
Кантейин, буюрбаптыр,
Тагдырым сени мага. } (2 жолу)

Кыз: Кечиккен махабатка,
Агатай, өкүнбөйлү.
Жүрөктүн күйгөн отун
Ырлардан өчүрбөйлү. } (2 жолу)


Жигит: Буюруп тагдырыңа,
Тургандыр мендей бирөө.
Ал сени сүйсө экен,
Мен сени сүйгөн өңдүү. } (2 жолу)

Экөө: Өмүрдүн өткөн жазын,
Кечиккен махабатын,
Сүйүүбүз арман кылып,
Жүрөктөр ырдап калсын. } (2 жолу)

# ЭМИ БИЗ БИР КИШИБИЗ АЖЫРАГЫС

Сөзү Жапар Молдалиевдики

Вальс темпинде





Көрбөстөн көңүлдөрдө кара санап,
Мен сени, сен да мени таразалап.
Айлуу түн, Айсыз түнү бакырайып,
Байкаштык сүйүү күчүн даражалап. (2 жолу)
Мен да сени,
Сен да мени таразалап. (2 жолу)

Тилекке тилектерди куюштуруп,
Жүрөккө жүрөк гүлүн кыйыштырып.
Эгиздей бир өтсүн деп эртеңибиз,
Шерттештик шек саноону жыйыштырып. (2 жолу)
Жүрөктөргө,
Жүрөк гүлүн кыйыштырып. (2 жолу)

Эми биз бир кишибиз ажырагыс,
Гүл болсок, бирдей жайнап ачылабыз.
Экөөбүз бир жашаган үй-бүлөгө,
Нур болсок бирдей гана чачылабыз. (2 жолу)
Гүл болсок биз,
Бирдей жайнап чачылабыз. (2 жолу)

# БИР МЕЗГИЛ

**Орточо** **Сөзү Турар Кожомбердиевдики**




Күндөр али оюндадыр жазындагы,
Гүл каптаган жайытын да, ташын дагы.
Балдыркандуу шиберлердин арасында,
Бала чактын көп ойнолгон жашынмагы. (2 жолу)


Көңүл түшүп адырлардын тулаңына,
Жүздү чайып мөлтүр кашка булагына.
Алгач ирет сүйүү жазы болгон окшойт,
Айталбадым жүрөк чыдап убагында. (2 жолу)

Ошол чакты ойлой берем азыр дагы,
Оттой кызыл мандалакты жазындагы.
Таалайыма бөлөк бирөө жазылса да,
Махабаттын сагынычы басылбады. (2 жолу)

# ЖҮРӨГҮМ СЕНИ СҮЙҮПТҮР

Орточо, жеңил

Сөзү Осмонжан Абдылдаевдики




Ташыса көлүм көбүрүп,
Көбүктөн күмүш бөлүнүп.
Көкөлөйт эргип көңүлүм (эй), кыялда,
Турасың ак куу көрүнүп.

Толкундар үндү улаган,
Бойлосом көлдү кубанам.
Кокустан күлдүм бырс этип (эй), сездиңби?
Селт эттим чочуп туурамын.

Көрбөсөм көлүм көгүлтүр,
Жактырып көңүл көнүптүр.
Билинбей жүрүп жүрөккө (эй), кыпкызыл,
Сүйүүнүн гүлү өнүптүр.

# ЖОЛУГАЛЫ АК-БУУРАНЫН БОЮНАН

Кыялдануу менен

Сөзү Таш Мияшевдики




Карек талып көзүмдү албай жолуңан,
Карааныңа мынча неге тоорулам?
Жүрөгүмө кеткен белең чок салып,
Жолукканда Ак-Бууранын жолунан? } (2 жолу)

Күндөп-түндөп чыкпай койдуң оюман,
Айтчы, эркем, эми качан жолугам?
Күлүмсүрөп күт дегениң чын беле,
Күн батаарда Ак-бууранын боюнан? } (2 жолу)

Таң атарда түшүм болуп жооруган,
Таңдан кечке күдөр үзбөй тоорулам.
Күлүмсүрөп күт дегениң чын беле,
Күн батаарда Ак-Бууранын боюнан? } (2 жолу)

Аруу сезим дүрбөп тулку боюман,
Ажарыңа ашык болуп тоорулам.
Айтып берчи перилердин жомогун
Жолугуп бир Ак-Бууранын боюнан . } (2 жолу)

# КЕЛЧИ МАГА

Шашпай, окуңгөндөй — Сөзү Токсейит Дыйкановдуку




Сен жылмайсаң жамалыңа көз тойбой,
Сезимимди арнап турдум сөз койбой.
Менден бетер Ай суктанып өзүңө,
Мээрим төгө сайрап турду, сайрап турду боз торгой.

Кошо жанган кош жылдыздай жаркырап,
Коштошоордо каректериң шам чырак.
Айдай жүзүң катарымда келатты,
Ак сүйүүнүн Аккуласын, Аккуласын камчылап.

Жоогазындай желге чачың таратып,
Жоодураган көздөрүңдү каратып.
Эмне дейин эси жоктук кылыптыр,
Эгем сени элден башка, элден башка жаратып.

Алым куруп, ай жүзүңө зар болуп,
Аалам мага алакандай тар болуп.
Келесоодой кейип турган кезимде,
Келсең келчи өзүң мага, өзүң мага жар болуп.

# ТАЖИК КЫЗЫНА

**Вальс темпинде** — **Сөзү Асылбек Медетбековдуку**




Сени карап тарткан шарап,
Денеме бүт барат тарап.
Наз болоюн, мас болоюн,
Жылмайып кой дагы карап.

Кайырма:
Жолугууга барбы жалаа?
Жоолук учун кармалаба.
Айыпкердей жерди тиктеп,
Ак жүзүңдү далдалаба.

Анте турган күнөөң эмне?
Ачылбас же сырбы сенде?
Аябастан ачыштырып,
Ачуу бир дарт калды менде.

Кайырма:

Жанга жагым ысымың эм,
Бардыгына кызыгың тең.
Урмат кылган уяң карап,
Билем, чыгыш кызысың сен!

Кайырма:

Көрбөй кайда жүргөм мурун?
Көрүп бүгүн болдум кулуң.
Өзгөчө бир көздөрүңдө
Турат сенин сулуулугуң.

Кайырма:

# САГЫНЫЧ КУШУ

Сөзү Майрам Жоош кызыныкы



Эки көзүм жолунда, сен андасың, мен мында.
Обон болуп оюңда, сен андасың, мен мында.
Тагдыр бөлүп экиге, сен андасың, мен мында.
Салды тайгак жолуна, сен андасың, мен мында.

Кайырма:
Махабатка арга жок, канат берсин кудайым.
Кадыр түндө рухубуз, бирге болсун ылайым.
Гүлзарында жаннаттын, түгөй парваз-эстелик,
Алла өзү кечирсин, дастан болгон гинайым.

Сүтак болуп санаабыз, сен андасың, мен мында.
Буурул тартып барабыз, сен андасың, мен мында.
Бир өмүргө ыр болуп, элге кулуя сыр болуп,
Күкүк менен Зейнептей, сен андасың, мен мында.

Кайырма:


Сүйүшкөнгө тозок жок, сен андасың, мен мында.
Күйгөндөргө азап жок, сен андасың, мен мында.
Тозок отун жалганда бирге тартып экөөбүз,
Армандууга арга жок, сен андасың, мен мында.

Кайырма:

# КАЙДАСЫҢ, БЕГИМАЙЫ МАХАБАТТЫН?

Сөзү Атакул Жакыповдуку

Сүйүү менен




Көздөрүң күлмүңдөгөн карагатпы?!
Бир өзүң келген мага таалай-бакты.
Ыр толуп күтөт сени жан дүйнөмдө,
Кайдасың, Бегимайы махабаттын?

Кайдасың, кумар көзүм, кызгалдагым,
Күтөйүн жай саратан, ызгаардабы?
Күтөйүн жыл он эки ай күйүп-жанып,
Келсеңчи ак куу канат кызга айланып.

Түндөрдө түштөр көрүп ширин таттуу,
Түгөнбөс түндөр кирип, таңдар атты.
Кайрылбай караан үзүп кеттиң бекен,
Кайдасың, Бегимайы махабаттын?

Кайдасың кыраңда өскөн кызыл гүлүм,
Келбеген тагдырыма бир кайрылып?
Кайдасың жүрөктө өскөн жашыл сүйүүм,
Бакытым, жашоодогу бар байлыгым?



Досу жазуучу, драматург Аскар Ражабали менен



Чыгармачыл инсандар жана
Кыргыз Республикасынын Эл артисти С.Садыкова менен



**Жубайы Асем менен**



**Баткендик «Айгүл тоо айымдары» музыкалык-этнографиялык тобу менен**



Чыгармачыл инсандар: оңдон солго Ж.Алибаев, Бабаравшандын жубайы, З.Султанов, Т.Эшбаев, З.Карыбекова, Б.Тургунбаев, М.Парпиев.



Чыгармачыл инсандар менен Сай кыштагында.
Биринчи катарда: (оңдон солго) А.Маткайымов, З.Султанов, Т.Жумаев, М.Үсөн.



**Иниси, шакирти Апаз Жайнаков менен**



**Төрт-Күл көлүндө кыялданып...**



Борбор калаада



Бак аралап эс алуу кандай жакшы!



Балдар музыкалык мектебинин педагогикалык чыгармачыл жамааты менен



Баткендин чыгармачыл инсандары
Суу-Башыдагы Катта-Теректе *(Живопись Ж.Маткайымовдуку)*



А.Жайнаков атындагы музыкалык-драма театрынын сахнасында



**Чыгармачыл инсандар менен. Оңдон солго: А.Жайнаков, А.Туйгунов, С.Мурзабекова, М.Парпиев, өзү жана М.Үсөн**



**Советтик Армиянын катарында**



**Ош шаары. Курсташтары менен**





Эстен кеткис студенттик күндөр ай!

# ЭСТЭЭРСИҢ СЕН ДА

Сөзү Тургунбай Жумаевдики

Орточо, муңайыңкы





Өзүмдү сенден оолактап алып жүрө албай,
Ызамды элдей ичиме жута албастан,
Алдырып ийдим өзүңдү өткөн күндөргө,
Тагдырдан ыйык сүйүүмдү тута албастан.

Өткөрүп ийдим алтындан кымбат кезимди,
Даамы эсте дале наристе аруу сезимдин.
Майышып бүттүм кусанын тийип капшабы,
Өтүшүп кеткен өрүктөй болуп эзилдим.

Арбаган жанды, арбаган аппак сезимди,
Эстээрсиң сен да анардай кызыл кезиңди.
А мага, жаным, кымча бел ноода элесиң,
Жылуу бир илеп, таңкы нур болуп сезилди.

# ЧУНАК КЫЗ

**Сөзү Сайдимар Султанмуратовдуку**




Жалт мага карап койгонуң,
Жүрөктү тилет бычаксыз.
Мүчөлөп гана ойнойсуң (эй)
Көздөрүң өткүр,
Көздөрүң өткүр, чунак кыз.
Э.......эй, чунак кыз.
О....... ой чунак кыз,
Көздөрүң өткүр, көздөрүң өткүр, чунак кыз.


Жылмайсаң, аны айтпагын
Жалындап күйөм мунайсыз.
Ышкынды канга чачпагын (ай),
Карашың алоо, карашың алоо, чунак кыз.

Саламга жооп айтканың,
Сезимден эрип урайт муз.
Кышымдан жазга кайтарган (ай),
Секелек аруу, секелек аруу чунак кыз.

# АКЫРКЫ КЕЗДЕШҮҮ

Сөзү Назгүл Осмонованыкы

**Жай, өкүнгөндөй**




Түнөргөн күздүн кечи,
Кайгылуу өңүң мынча?
"Өмүрлүк гүлүм десем,
Сүйүпсүң убактынча..."

Унчукпай туруп калдым,
Жоготуп айтар кебим.
Ичимден күйүп жандым,
Тышымдан мелтиредим.


Артыңды салып мага,
Сен узап бара жаттың.
Ушактын күчүн кара...
Жоготтук махабатты.

Шамалдай желип жорткон,
Ушакты көтөрө алгыс,
Кызганган шекшип корккон,
Тун сүйүү мынча алсыз.

# БОЛОМ ГО СҮЙҮҮ ДЕРБИШИ

Кыялдана

Сөзү Топчубай Маматалиевдики





Карааның эгер көрүнүп калса кокустан,
От болуп жанып, кубаныч коштойт сезимди.
Айланам замат сүйүктүү нурга чулганып,
Дүйнөдө жалгыз бактылуу сезем өзүмдү, өзүмдү
Дүйнөдө жалгыз бактылуу сезем өзүмдү.

Сүйлөшпө, мейли, жолугуп эле койгонуң,
Жан дүйнөм козгоп, көңүлгө жөлөк болгонуң.
Күн өткөн сайын барамын сени сагынып,сагынып,
Өрөпкүп жүрөк, өзүмө койбой ой-боюм!

Өрөпкүп жүрөк өзүңдү көздөй тартылып,
Күчөгөн сайын күйгүзүп барат өрт сымал.
"Сүйбөймүн" десең болом го сүйүү дербиши, дербиши,
Өмүрдүн сенсиз өтпөшү деле ыктымал...

# КИМДЕРДИ СҮЙҮҮ ЧАЛБАГАН

Сөзү Барктабас Абакировдуку




Турмуштун агымы,
Үйрөтөт баарыны.
Кимдерди чалбаган,
Сүйүүнүн жалыны.

Баарынан тазараак,
Ой кирин тазалап,
Сезимди бийлеген
Күчтүү экен махабат.

Жок болуп болжолу,
Жосундуу болгону.
Кайгыруу, каткыруу
Өмүрдүн жолдору.

Толкутуу жараткан,
Токтолтпой караткан.
Эңсеткен сүйүү – бул
Калыптыр абалтан.


Бирөөдө кулпунуу,
Бирөөдө тумчугуу.
Үмүткө алданып,
Бирөөдө умсунуу.

Басылып өтүлүп,
Байкоосуз чечилип.
Турмушта бар экен
Өкүнүч, өтүнүч.

Күчү зор мааниге,
Ээ болгон алиге.
Сүйүүгө көп керек
Чебердик мамиле.

# ПАРВАНА КЫЛБА

Шашпай, окунгөндөй — Сөзү Тургунбай Жумаевдики




Көз күйөт. Сылайм кыялда кара чачыңдан,
Кадырың улук - калкымда сендей табылбас.
Өзүңө жетпей өзөгүм күйөт жалындап,
Бу тагдыр, билбейм, мынчалык неге мага кас!

Күн өтсө дагы, жыл өтсө дагы бөксөрбөс,
Коргошун сымал уюган ойдон жанчылам.
Менчелик эч ким баалабас сенин баркыңды,
Бактыма менин жаралып калган перизат.

Сагынчым күчөп, сар-санаам такыр арылбай,
Арзуудан тапкан жараатым өйүйт күч алып.
Менчелик эч ким баркыңды билбес деп жүрөм,
Пайсалга салып, парвана кылба мынчалык.

# ЫРДАП ЖҮРӨМ

Сөзү Тургунбай Жумаевдики

Шаттуу, көңүлдүү




Али эсимде, көк шибер белесинде өмүрдүн,
Күттүрбөстөн – нетпестен, бактым, сага түш келдим.
Кыян-жаян жүргөнсүп булук салып сезимге,
Чачыратып ойлорду, келгенде да бир келдиң.
Чачыратып ойлорду, келгенде да бир келдиң.

Чачкын ойду бир жерге жамдаштыра албадым,
Колум менен колуңду кармаштыра албадым.
Безе качып сүйүүнүн азабынан, зарынан,
Же өзүңдү башкага алмаштыра албадым.
Жамдаштыра, кармаштыра, алмаштыра албадым.

Тартынчаактык мүнөздү такыр жеңе албадым,
Бир пикир, бир чечимге такыр келе албадым.
Кармап алып апакай колдоруңдан жетелеп,
Сурап алып апаңдан, алып кете албадым.
Сурап алып апаңдан, алып кете албадым.

Эми минтип өзүң жок, муздап жүрөм, периштем,
Акылдашаар жан таппай, сыздап жүрөм, периштем.
Адебиңди аземи, келбетиңди айтунук,
Эстен тана эскерип, ырдап жүрөм, периштем.
Муздап жүрөм, сыздап жүрөм, ырдап жүрөм периштем.

# ГҮЛ БАЯНЫ

## (Жоголгон гүл жөнүндө баллада)

Орточо, назик Сөзү Мурзапар Үсөн




Бейтааныш гүлдү катырган,
Китепке салып акырын,
Качанкы жаздын атынан,
Калыптыр сырлар жашырын.

Качанкы жаздын,
Качанкы жаздын,
Жаздын атынан.
Калыптыр сырлар,
Калыптыр сырлар,
Калыптыр жашырын.

## Гүл баяны

Жоготкон гүлдүн ээси,
Издеди бекен сагынып.
Качанкы сүйүү белгиси,
Кетпептир отко жагылып.

Качанкы сүйүү,
Качанкы сүйүү,
Сүйүү белгиси
Кетпептир отко,
Кетпептир отко,
Кетпептир жагылып.

Суроолоп жүрүп таппадым,
Ай өттү жылга узарып.
Китепти кайра жаппадым,
Гүл турат дале кызарып.

Китепти кайра,
Китепти кайра,
Кайра жаппадым.
Гүл турат далее,
Гүл турат далее,
Гүл турат кызарып.


Көзүнөн жашы мөлтүрөп,
Аккандыр гүлгө шорголоп.
Айталбай сырын бир жүрөк,
Койгондой гүлгө корголоп.

Айталбай сырын,
Айталбай сырын,
Сырын бир жүрөк.
Койгондой гүлгө,
Койгондой гүлгө,
Койгондой корголоп.

# ӨТСӨ ДАГЫ ДАЛАЙ ЖЫЛДАР

Сөзү Бүүрайма Худайбердиеваныкы

шашпай , өкүнөндөй



Өтсө дагы далай жылдар,
Унуталбай келем сени.
Уктай албай узун кечте,
Ойлойсуңбу сен да мени.
Көктө жылдыз жылтыраса,
Көргөн болуп көзүңдү.
Көз талыбай карай берем,
Ойлон жаным өзүңдү.

Кайырма:
Карай берем, карай берем,
Келээриңди самай берем,
Үзө албастан үмүттү.


Өтсө дагы далай жылдар,
Көзгө элесиң келе берет.
Сен бар үчүн бул дүйнөдө
Өчпөй сүйүүм жана берет.
Сенин шоктуу көздөрүңдү,
Эстеп кайра кумарланам.
Көрбөсөм да, жаным, сени,
Сөздөрүңдөн кубат алам.

Кайырма:
Кубат алам, кубат алам,
Сен бар үчүн күйүп жанам,
Унуталбай күнү-түн.

# МЕН БИРӨӨНҮ КҮТӨМҮН

Сөзү Токтомуш Осмоновдуку

Орточо, ойлуу




Ай шооласы ээрчигендей,
Жарык нурду сеземин.
Кайда жүрсөм эстен чыкпай,
Мен бирөөнү күтөмүн.

Мезгил учса токтобостон,
Кыял менен тетемин,
Кайсы учурда көрүнөт деп,
Мен бирөөнү күтөмүн.

Жамгыр төксө нөшөрлөтүп,
Көңүл сергий түшөмүн.
Элестетип көз алдыга,
Мен бирөөнү күтөмүн.

Кар жааганда ызгаарлантып,
Үшүгөнгө жетемин.
Бирок бар деп жылуулукту,
Мен бирөөнү күтөмүн.


Ташкындаса суу күрпүлдөп,
Кечүүлөрдөн өтөмүн.
Агымдардай алчыланган,
Мен бирөөнү күтөмүн.

Жаз гүлдөрү жайнап турса,
Кызгалдакты үзөмүн.
Гүл жытындай жыпар жыттуу,
Мен бирөөнү күтөмүн.

# АКЫРЫ СЕНИ СҮЙГҮЗӨМ

Ойлуу, мелүүн

Сөзү Замирбек Иманалиевдики



Канча жыл куттум өзүңдү,
Каякта жүрдүң кез келбей?
Канча жыл түштүм артыңдан,
Кайберен кууган мергендей.

Кайырма:
Жаңылбай сага кабылдым,
Жаза атпай огум тийгизем.
Азапка түртүп ийсең да,
Акыры өзүм сүйгүзөм.

Аскасы бийик тоо болсоң,
Ак карың болом кетпеген.
Жалбырттап күйгөн от болсоң,
Жалының болом өчпөгөн.

Кайырма:

Агыны катуу суу болсоң,
Алдыңа түшкөн таш болом.
Сездирбей өткөн куракты,
Сен үчүн кайра жаш болом.

Кайырма:

Чалкыган деңиз сен болсоң,
Чайпалып сүзөм кемедей.
Шерт кылгам сага жетүүгө,
Шек кылба ага кенедей.

Кайырма:

# ЖҮРӨГҮНӨ МУЗА ТҮНӨГӨН

Зайирбек Султанов! Бул ысым бүгүн чоң-кичикке таанып, сүйүктүү да, сүйкүмдүү. Досум Зайирбек эки инсандык табылгыс касиети - таланттуу обончу жана чебер музыканттык өнөрү менен кошо адамсүйөрлүгү, жөнөкөйлүгү,баарына куш мамиле кыла билген мыкты сапаты менен да элинин сүйүмөнчүлүгүнө татыган. А жеке өзүм аны досчулукту бекем, таза туткан, ары ишенимдүүлүгү үчүн бөтөнчө урматтаймын. Шондуктан, бу тирүүчүлүктөгү доско гана айта турган кай бир сырларымды ага төгүп-чачып айтып алып, бир мончого түшкөндөй жеңилдеп алмайым бар. Үч күн көрүшпөй калсак, сотка аркылуу бир-бирибизди издеп, аны-муну сүйлөп жеңилдеп алам. Зайирбектин өмүрүмдүн аягына чейин менин айрым адамга жакпас кырс пейилиме, итке жакпас жоруктарыма чыдай турган дос бойдон калаарына терең ишенем. Анткени, анын кудай-таалам таң алды менен жараткан улук да бийик, сылык да сүйкүм, жөнөкөй да ишенимдүү пенде экенине көп жылдардын сыноосунан өткөн дос- жолдоштугубуз күбө.

Досум Зайирбек Султанов кыргызымдын аттуу-баштуу обончулары менен замандаш жана үзөңгүлөш. Дээринде шык даарыган, муза-музыканын сыр-сыпатын ичинен терең үйрөнсөм деген изги ниет менен өткөн кылымдын ортосунда Ош мугалимдер институтунун музыкалык факультетине тапшырып, ашкере таланттуу обончу Рысбай Абдыкадыров менен бирге окуп калганына алиге миң мертебе каниет этип келет. Кезинде ширин-шербет обондору менен кыргыз элинин жүрөгүнө шоокум салышкан Абдыкерим Алымов, Бекмамат Бадыкеевдер досумдун обончулук шыгына терең из калтырышкан. Ал эми белгилүү обончулар Токон Эшпев, Жолболду Алыбаев менен күн-түн бирге окуп, сырдаш болуп, муза ааламына, музыка деңизине боюн ура сүзгөн.

Бүгүн Зайирбек Султанов белдүү обончу. Ондогон обондору эл жүрөгүнөн түнөк таап, журт оозунан түшпөй ырдалып жаткан учур. Арийне, обончулук, музыка жаратуу көрүнгөн эле эптеп кетчү оңой оокат, жеңил кесип эмес. Ал эң оболу табиятынан кудай-таала пендесине ыраа көрүп, энчисине ыйгарган ыйык да улук өнөр. Өзгөчө музыка жаратуу пендеден өтө сезимталдыкты, сейрек парасаттуулукту, эликтей элеңдеп, жаратылыштын жаңырыгын, түркүн үндөрүн кулагын гана эмес, жүрөгүн төшөп уга билүүнү талап кылат.

Ооба, жаратылыш миң түркүн үндү жаратат. Бирде кулак кужурун алган даңгур-дуңгур, ызы-чууну жаратса, бирде жан жибиткен угумдуу да жагымдуу үндөр жан-дүйнөбүздү карк кылат. Ошол миң түркүн үндөрдүн ичинен пенденин сезим кылдарын

черткилей турган үндү иргөө, аны өз ич кайрыгына салып кыңылдап отуруп, бүтүн бир обон жаратуу көрүнгөндүн колунан келе бербейт. Мыкты обон жаратуу үчүн миң тамырың сызып, жүлүнүң жүз ирет созулуп, жүрөгүң бирде добул шамалдай катуу согуп, же деңиздей толкуп-ташып, бирде мемиреген шибердүү талаадай сунала сыр катып, же айлуу түндөгү толкунсуз деңиз бетиндей жымыраган тынч абалда боло алышың абзел. Же океан тереңиндей купуялуу, ичтен толкуган касиет-жөндөмгө эгедер болушуң керек. Мунун баары Эне - Жарататылышты чексиз сүйүүнүн жана адамдардын жан дүйнөсүн, ич кайрыктарын аңдай билүүңдүн дареметине жараша, ов!

Музанын колго кармалгыс, көзгө илешкис кубулуштарын Зайирбек кантип дилине түнөттү да, кантип музыка ааламына баш бакты? Атасы Султан аксакал чабан болуп, тоомо-тоо көчүп-конуп өмүр кечирген, таза пейил, момун инсан болгон. Зайирбек балалыгынан жаратылыш койнунда жашап, табият бешигинде термелип өскөн. Кыргыз тоолорунун керемет кооздугуна көзү тоюп, көкүрөгү толгон. Улар куштун таң алдындагы шаңшыганын, кекиликтин өзгөчө ыргактуу какылыктаганын, көк шибердин арасында жорткон бөдөнөнүн бытпылдыгын, күкүктүн чак түштөгү мукам кайырганын, сүтактын түн тынчтыгын жара сайраган муңдуу музасын дилине сиңирген. Зоолорду жаңырта шаңшыган бүркүттүн кубаттуу добушун угуп, дене-бою козголуп, жан дүйнөсүнө уялаган. Анан капчыгайларда бугуп, суу шимирген булуттарга сугу түшкөн. Тоо сууларынын албууттана аккан агымына кулак түрүп, керемет ыргактарын шуйшүнө уккан. Анан ал кичине-кичинеден музага айланып, күү болуп, кайрык болуп көкүрөгүнө кыттай куюла берген. Мырыгып уккандары, шуйшүнө көргөндөрү баары көкүрөгүнө уюп, анан жан дүйнөсүнө бүлүк салып, тышка күү, обон болуп жаңырууга өткөн. Ошондо кайран досум адегенде ошол кезде эл арасына кеңири жайылган мондалинону колуна алган, аккордеондун сыйкырдуу клавишаларына манжаларын аярлай тийгизген. Мектептеги музыка ийримине катышып, чымчым-чымчымдан музыка дүйнөсүнүн сырларын ачууга үңүлгөн. Анан эле музыкалык жогорку окуу жайынын астанасын аттап, өзүнө окшоп муза деңизинде сүзгөнү келген замандаштарына, тагдырлаштарына аралашкан. Дал ошол окуу жай аны керемет, кумарлуу чексиздиктин кыйырына жетелеп, көзүн, дилин жарыткан. Алгачкы обондору жарала баштаган. Чөлшактуу Баткен талааларына Төрт-Күл көлүнүн суусу келгенде, жүрөгү толкуп, «Төрт-Күл» аттуу обонун жараткан. Бул обону көл суусунун толкуну менен кошо Баткен талааларын жаңыртып, суу шарына сүйүнгөн жүздөгөн жүрөктөрдү толкутуп, аймакта бул ырды ырдабаган адам калбаган. «Төрт-Күл» ыры Баткендин түбөлүктүү ыры, гимни болуп калды.

Кыргызда «Мал ээсин тартат» деген накыл сөз бар. Анын сыңары

Зайирбектин обондору да өзүнө окшоп жөпжөнөкөй, майда толкундуу көл бетиндей тыптынч, бирок ичинен толкуган касиетке ээ. Жай ыргактар акырын созолоно жаңырып отуруп, уккандын делебесин козгойт. Ошол жай, маин, жагымдуу да жугумдуу ыргактар менен кайрыктарда төтөнчө нюанс, үлбүрөк сезим менен терең ойлор бугуп жатат. Зайирбек обондорунда эч качан кур кыйкырыкка ыктабайт. Бир же эки жолу угуучуну дүүлүктүрүп барып үчүнчү жолу тажаткан обонду жаратуудан жаа бою качат. Эч качан тышкы эффектке бой урбайт. Угарманын убактынча ээликтирип алдабайт. Анткени, андай бир сөздү миң ирет кайталаган ары жок обондордун өмүрү кыска экенин жакшы билет. Андайга Рысбай баш болгон устаттары менен Токон жана шакирти Аппаз Жайнаковдордун ыйык арбайлары да жол бербейт.

Баткендин эли Зайирбекти «Бир велосипед убара, бир аккордеон убара, бир Зайирбек убара»,-деп тамашага чалып эркелетишет. Мунун жөнү бар. Заирбекти аккордеонсуз, велосипедсиз жөө жүргөнүн сейрек көрөсүң. Ал түгүл экөөбүз он-он беш жылдай айтылуу Кара-Шорого барып, дары суу иче дарыланып, эс алып жүрөбүз. Бир да бир жолу аккордеонун таштабай алып барат. Аерде да аккордеону желкесинен түшпөйт. Барган жеринде эл жыйылат. Анын аккордеон ойногонун тыңшап, угармандар аны жан дилдери менен ак дасторкондоруна, чүйгүн тамактарына, оюн-зоокторуна чакырышат. Досум андайда, жан дүйнөсү ого бетер тазарып, толкуп-ташып алганда, күн бою аккордеонун кере созуп, ырдоодон эгерим чарчабайт да чаалыкпайт. Бир жолу ушунчалык эргиди дейсиң, эртең мененки саат ондон кечки саат он экиге чейин тынбай аккордеонун ойноп, Рысбайдын ырларын созолонто, муңканта ырдаганы бар. Шондо досумдун ички эргүү кудуретине бир тан бергем. Талант, шык даарыган адам гана ушинте алат! Кай бир достору «Зайирбек аккордеон көтөрүп жүрүп карыды, желкеси жоор болду»,-деп азилдеп калышат. Сүйгөн өнөрүнөн ырахат, лазат алган обончу, аткаруучу канчалык көп ойносо, ошончолук бетине кызыл жүгүрө жашарат.

Айтмакчы, өзүн устат туткан обончу көптөгөн таланттуу шакирттерди жана музыка сүйгөн жаштарды тарбиялаган. Кыргыздын таланттуу уулу Аппаз Жайнаков анын мыкты шакирти экенине сыймыктанып, жеткен жеринде маашырлана мактанып жүрөт. Ие, минткенге анын укугу бар! Обончулар Кайры Усталмасова, Мамажан Козубаев, Сопубек Тарсаевдер да анын шыктуу жолун татыктуу улантып, коштоп келе жатышкан шакирттери.

Дээрлик 46 жылдык өмүрүн музыкага, обончулукка арнаган инсан бирээр ай же бирээр апта да башка жумушка сугун артпай,

жалаң музыка жаңырып угулган мекемелерде иштеп келе жатат. Мектепте музыка мугалими, райондук маданият бөлүмүнүн, райондук балдар музыкалык мектебинин директору, мугалими, театрдын музыканты кызматтарын абийирдүү өтөп, жамааттын сый-урматына татып келгени не жагымдуу. Ага көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн эл агартуунун мыктысы, маданияттын мыктысы наамдары ыйгарылган. Көптөгөн райондук, облустук, республикалык сынактардын ээси жана дипломанты. Баарынан да элинин сүйүүсүнө, ызат-урматына татыганы-анын өмүрүндөгү чоң сыйлыгы жана сыймыгы. Айрым жасаган иштеринин дайын-сызыгы жок туруп сыйлыкка, атак-даңкка умтулгандардан эмес. «Мага ал сыйлыкты ыйгаргыла, бул наамды бергиле» деп жүткүнбөйт да, көрүнгөн эшикке түртүнбөйт. Ага уяты менен ары жол бербейт. Жараткан көрөңгөң татыктуу болсо, сыйлык өзү келээрин билет.

Досум Зайирбекке Жараткан үй-бүлө күтүү жагынан да бак берген. Көз ачып көргөн жары Асем менен бирге түтүн булатып, эки уул, эки кыз, жети небере, эки чеберелүү болушкан. Баткендеги эң музыкалуу үй-бүлө катары да элге белгилүү. Көптөгөн райондук, облустук, республикалык үй-бүлөлүк карoo-сынактарда алдыңкы орундарды ээлеген. Экинчи уулу Чыңгызбек ата жолун жолдогон шыктуу обончу катары журтуна аты чыгып калды. Айтор, Зайирбек өмүр бою муза, күү менен эргий жашап, башкаларды да талант-шыгы менен музыка дүйнөсүнө жетелеп, музыканы сүйүүчүлөрдүн санын арбытып келет. Сүйгөн өнөр кесибинин фанатиги десем ашыра чапкандык болбойт.

Досум, Заирбек Султан уулу! Ылайым жүзгө кир. Жүзгө киргениңде да желкеңден аккордеонуң түшпөй, сыйкырдуу обон-күүлөрүң менен элиңди эргитип, журтуңдун сүйкүмдүү эрмеги болуп жүрө бер. Карылыктын доорун сүрүп, лазатын татып, балдарыбыздын жакшылыгын көрүп, эл четинде аман бололу, жан досум-кан досум!

*Аскаралы РАЖАБАЛИЕВ, жазуучу,*
*Мырза Гапаров жана Курбаналы Сабыров*
*атындагы адабий сыйлыктардын лауреаты.*

# Автор жөнүндө

Азыркы учурда талантуу обончу жана аткаруучу, өз кесибинин мыкты устаты, тажрыйбалуу педагог катары элге кеңири таанымал болуп калган Султанов Зайирбек 1949-жылы Баткен районунун Ак-Сай (мурдагы Самаркандек) айыл аймагындагы Капчыгай кыштагында туулган. Ал 1962-жылы айылдагы "Коммунизм" жети жылдык мектебин бүтүрүп, Самаркандек орто мектебинен окуусу улантат да, аны 1965-жылы ийгиликтүү аяктайт.

Өнөргө ышкыбоз жаш жигит ошол эле жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун музыкалык-педагогикалык факультетине окууга өтүп, музыка мугалими адистигине ээ болуу менен аны 1969-жылы аяктайт.

Алгачкы эмгек жолун өзү мурда окуган Самаркандек орто мектебинде музыка мугалими катары баштайт. Андан кийин Баткен райондук пионерлер үйүнүн директору, В.И.Ленин атындагы орто мектебинин музыка мугалими, Баткен райондук балдар музыкалык мектебинин музыка мугалими кызматтарын аткарып жүрүп, Советтик Армиянын катарына чакырылат да, мекенин коргоп ак ниет кызмат кылат.

Советтик Армиянын катарынан демоблизациялангандан 1972-1982-жылдары Баткен райондук музыкалык мектебинде баштап мугалим, андан кийин директор катары үзүрлүү эмгектенип, музыкага шыктуу балдарды тарбиялоого өз салымын кошот. 1982-жылы ал Баткен райондук маданият үйүнүн директору болуп дайындалат. 1989-жылы ушул эле мекемеде инструктор болуп иштейт. 1990-жылдан бери өзүнүн сүйгөн кесибин улантып, Баткен райондук музыкалык мектебинде ардагер мугалим катары өз ишин улантууда. Музыка тармагындагы аткарган кызматы, обончу жана аткаруучу катары музыка маданиятында, жаш өнөр ээлерин тарбиялоого кошкон салымы жана жигердүү насаатчылык иштери үчүн бир топ сыйлыктардын ээси болгон.

1988-жылы Эл чыгармачылыгынын республикалык II фестивалына катышып, лауреат болуп, атайын төш белги менен сыйланган. Балдар көркөм табитин арттырууга кошкон салымы эске алынып, ак эмгеги 2000-2001-жылдары эки жолу Кыргыз Республикасынын Билим, илим жана маданият министрлигинин Ардак грамотасы, ал эми 2002-жылы Кыргыз Республикасынын "Билим берүүнүн мыктысы" төш белгиси менен бааланган. Маданият тармагын өстүрүүгө кошкон салымы үчүн ага 2007-жылы Кыргыз Республикасынын Маданият жана маалымат министрлигинин "Маданияттын мыкты кызматкери" төш белгиси ыйгарылган. 2010-жылы "Баткен районунун Ардактуу атуулу" наамына ээ болгон.

Ынтымактуу, музыка жандуу үй-бүлөнүн башында туруп көп жылдар бою китепканачы болуп иштеп келе жаткан жубайы Асема экөө эки уул, эки кызды татыктуу тарбиялап, эл катарына кошушкан. Учурда жети неберелүү, эки чеберелүү болушкан жубайлар дагы эле маданият тармагында жаштардын насаатчысы болуп үзүрлүү эмгектенип келе жатышат.

# Мазмуну

1. Тургунбаев Б. «Муза ыргагындагы өмүр» -3
2. Унутпаймын -5
3. Кайчы жол -6
4. Садагам -8
5. Өзүндү журөм сагынып -9
6. Сиз мага -11
7. Сага -13
8. Кайдасын -15
9. Кечиккен махабат -17
10. Эми биз бир кишибиз ажырагыс -20
11. Бир мезгил -22
12. Журөгүм сени сүйүптүр -23
13.Жолугалы Ак-Бууранын боюнан -24
14.Келчи мага -25
15.Тажик кызына -26
16. Сагыныч кушу -28
17. Кайдасың,Бегимайы махабаттын? -30
18. Эстээрсин сен да -40
19. Чунак кыз -42
20. Акыркы кездешуу -44
21. Болом го сүйүү дербиши -46
22. Кимдерди сүйүү чалбаган -48
23. Парвана кылба -50
24. Ырдап журөм -52
25. Гүл баяны -54
26. Өтсө дагы далай жылдар -56
27. Мен биреөнү күтөмүн -58
28. Акыры сени сүйгүзөм -60
29. Ражабалиев А. "Журөгүнө муза түнөгөн" -62
30.Автор жөнүндө -66

## Көркөм-музыкалык чыгарма

# ГҮЛ БАЯНЫ

*Обондуу ырлар*


Редактор Т.Жумаев
Техникалык редактору А.Батыров
Нотасын жазган З.Султанов
Корректор жана
компьютерде терген Б.Абдыразакова
Компьютердик дизайнер Б.Рысбаев

**Басууга04.12.2015-жылы кол коюлду**
**Кагаздын форматы 60Х84 1/16**
**Көлөмү 4,25 басма табак**
**Нускасы 300. Буюртма №_**

**«Элдердин достугу» коомдук фондунун басмаканасында басылды.**
**Баткен шаары.**

